КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ТОН РАЙОНУ
АК-ТЕРЕК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОНСКИЙ РАЙОН
МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
АК-ТЕРЕК

Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин
VIII чакырылышынын XVII кезексиз сессиясы

ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТОКТОМУ

2026-жылдын 17-сентябрындагы №236 Кара-Коо айылы

Жер тилкесине макулдук берүү жөнүндө

Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Э.К.Чурекованын 2026-жылдын 17-сентябрындагы № 01-7-3038 сандуу кайрылуусунун негизинде, Ак-Терек айыл өкмөтүнө караштуу Дөң-Талаа айылындагы эски мектептин күн чыгыш тарабында бала бакчанын имаратын жана Хужранын имаратын куруу максатында жер тилкесин бөлүп берүү жөнүндө Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин муниципалдык менчик, жер, архитектура, курулуш, айыл чарба боюнча туруктуу комиссиянын корутундусу угулуп, талкууланып Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Ак-Терек айыл өкмөтүнө караштуу Дөң-Талаа айылындагы эски мектептин күн чыгыш тарабындагы 0,50 га жер тилкесине бала бакчанын имаратын курууга Катар уюму тарабынан каржыланып, курулуш иштери жүргүзүлүп жаткандыгына байланыштуу макулдук берилсин.

2. Ак-Терек айыл өкмөтүнө караштуу Дөң-Талаа айылындагы 0,10 га жер тилкесине Хужранын имаратын курууга Катар уюму тарабынан каржыланып, курулуш иштери жүргүзүлүп жаткандыгына байланыштуу макулдук берилсин.

3. Жер тилкесине тиешелүү документтерди даярдоо жана мыйзам талаптарына ылайык иштерди жүргүзүү Ак-Терек айыл өкмөтүнүн жерге жайгаштыруу муниципалдык менчикти башкаруу боюнча башкы адиси Т.Мамбетжунушовго жүктөлсүн.

4. Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин токтомдору каттоого алынсын жана токтомдун көчүрмөсү ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

5. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

6. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Ак-Терек айыл айымагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Э.К. Чурековага милдеттендирилсин.

Сканировано с CamScanner

7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин муниципалдык менчик, жер, архитектура, курулуш, айыл чарба боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы А.Дастановго тапшырылсын.



Төрага **А.А. Мамбетов**

Сканировано с CamScanner